Экологиялык да, руханий да алааматтан куткаруучу жалгыз жол-жаратылыш менен шерелишкен гармония.Планетанын саламатчылыгын сактоо-дени сак муунду камсыздоо, жашоо мүмкүнчүлүгүн сактап калуу.”Дени сак планета-дени сак муун” идеясы, бул тема көркөм адабият аркылуу муундарга жеткириле турган универсалдуу тарбиялык багыт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Байгазиев С. Бүркүттүн көз жашы. – Бишкек: Бийиктик, 2008. – 200 б.
2. Раев С. Топон. – Бишкек: Турар, 2018. – 280 б.
3. Акматалиев А. Султан Раевдин адабияттагы тополоңу… // АКИpress – Мнения. – 2025.
4. Акматова Н. С. Этноэкологиялык баалуулуктарга кайрылуу жана алардын жаш муундарды тарбиялоодогу ролу // КРСУ жарчысы. – 2022. – №3. – Б. 45–52.
5. Дүйшөнбаев П., Дүйшөнбаев М., «Чыңгыз Айтматовдун экологиялык этикасы», Бишкек, «Шам», 2005, 52-280-беттер.
6. Ч.Айтматов, М.Шаханов, «Аскада калган аңчынын ыйы» («Кылым кыйырындагы сыр ачуу») көркөм-публицистикалык басылмасы, Бишкек, «Учкун», 2001.
7. «Азаттык» радиосу, Фатима Абдалова уюштурган маектен, 21.04.2009-ж
8. Би-би-си кыргыз кызматы, Айбек Абдылдаев уюштурган маек, С.Раев:Топон суу каптаса, ал жүрөктөн башталат, 23-ноябрь, 2017-жыл
9. Edu.gov.kg А.Бейшеналиев:”Планетанын ден соолугу-адамзаттын ден соолугу”, 22-сентябрь, 2022-жыл


**УДК 81-1(82-93). (575.2)** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).419**

## БАЛДАР АКЫНЫ АБЗИЙ КЫДЫРОВДУН “ТОРГОЙ” ПОЭМАСЫ

Бакирова Гүлбурак Сайдалиевна - ОшМПУ, улук окутуучу
ORCID 0009-0007-3565-8987,gulburakbakirova99@gmail.com

**Аннотация**

А.Кыдыровдун «Топулуу торгой» поэмасы — кыргыз балдар адабиятындагы көрүнүктүү чыгармаларынын бири. Поэмада табият менен адамдын өз ара мамилеси, көрсөтүлөт. А.Кыдыров «Топулуу торгой» поэмасы аркылуу коомдогу адилетсиздик, гуманизм жана жашоо үчүн күрөш сыяктуу маанилүү темаларды көтөрөт. Чыгарманын негизги символдору жана образы аркылуу автор башкы каармандын өз ордун табуу үчүн күрөшүү идеясына көңүл бурат.

Макалада поэманын композициясы жана структурасы боюнча талдоо жүргүзүлүп, анын кыргыз адабиятындагы орду жана мааниси белгиленет. Мындан сырткары жомокту поэмага айландыруудагы акындын чеберчилиги белгиленип, поэманын өзгөчөлүгү талдоого алынды.

Акындын жомоктон поэмага айландыруу процессинде фольклорго таандык муун өлчөмдөрүн сактай алгандыгы, табияттты жандандыруу процессинин таамай сүрөттөлүшү орун алгандыгы белгиленди. Поэманын кумуляциялык ыкма менен өнүгүшү, символдук образдардын берилиши тууралуу адабиятчы-окумуштуулардын пикирлерине таянуу менен анализденди.

**Ачкыч сөздөр:** жомок, поэма, балдар адабияты, кумуляция, персонификация, композиция, акын, финал, символ

## ПОЭМА ДЕТСКОГО ПОЭТА АБЗИЯ КЫДЫРОВА “ТОРГОЙ”

Бакирова Гулбурак Сайдалиевна - ОшГПУ, старший преподаватель
ORCID 0009-0007-3565-8987,gulburakbakirova99@gmail.com

**Аннотация**

Поэма А. Кыдырова «Топулуу торгой» является одним из значимых произведений кыргызской детской литературы. В поэме отражаются взаимоотношения человека и природы. Через сюжет произведения А. Кыдыров поднимает важные темы, такие как несправедливость в обществе, гуманизм и борьба за жизнь. Автор обращает внимание на идею поиска главным героем своего места в мире, что выражено через основные символы и образы произведения.
В статье проводится анализ композиции и структуры поэмы, определяется её место и значение в кыргызской литературе. Отмечается поэтическое мастерство автора, сумевшего преобразовать сказку в поэму, что делает произведение оригинальным и художественно цельным.
Особое внимание уделено сохранению поэтом фольклорных метрических особенностей, точности изображений в процессе одушевления природы, а также развитию сюжета посредством кумулятивного приёма. Анализ подкреплён мнениями литературоведов и учёных, исследовавших символическую систему и образную структуру произведения.
**Ключевые слова:** сказка, стихотворение, детская литература, совокупность, персонификация, композиция, поэт, финал, символ

## A POEM BY THE CHILDREN'S POET ABZIY KYDYROV “TORGOY”

Bakirova Gulburak Saidalievna - OshGPU, Senior lecturer
ORCID 0009-0007-3565-8987,gulburakbakirova99@gmail.com

### Annotation

A. Kydyrov’s poem “The Lark with a Nest” is one of the outstanding works of Kyrgyz children’s literature. The poem depicts the interrelationship between humans and nature. Through this work, A. Kydyrov raises significant themes such as social injustice, humanism, and the struggle for life. The author focuses on the idea of the main character’s search for self-identity, which is expressed through the symbolic images and motifs of the poem.

The article analyzes the composition and structure of the poem, highlighting its place and significance in Kyrgyz literature. The poet’s craftsmanship in transforming a folk tale into a poetic form is emphasized, revealing the uniqueness and artistic integrity of the work.

It is noted that the poet preserved the folkloric metrical patterns, vividly portrayed the process of animating nature, and developed the narrative using the cumulative method. The analysis relies on the opinions of literary scholars who have examined the symbolic imagery and stylistic features of the poem.
**Key words:** fairy tale, poem, children's literature, totality, personification, composition, poet, finale, symbol

Балдар адабияты балдардын жашоосунда маанилүү орунду ээлеп, алардын фантазиясын, ой жүгүртүүсүн жана курчап турган чөйрө жөнүндөгү түшүнүгүн, дүйнө таанымын калыптоого, өнүктүрүүгө жардам берет. Ошондой эле балдар чыгармалары ой жүгүртүүгө, эмоционалдык интеллектке жана социалдык көндүмдөргө өбөлгө түзөт. Балдар чыгармалары кенже курактагылардын фантазиясын өнүктүрүүгө, сырткы чөйрө менен байланыш түзүүгө, алардын кандай абалда экендигин элестетүү менен образдуу калыптандырууга жардам берет. Чыгарма окуу, таанышуу процессинде баланын сөз байлыгы өсөт, ошол эле кезде байланыштуу кебинин өнүгүшүнө оң таасирин тийгизет.

Кыргыз фольклорунда кенже курактагылар үчүн ар түрдүү мүнөздөгү жомоктор, бат айтмалар, жаңылмачтар менен табышмактар көп. Бирок алардын баары эле фольклордук формасында балдарга жете бербейт. Ошол себептүү аларды кайра иштеп чыгуу зарылдыгы жаралат,-дейт адабиятчы-окумуштуу С.Искендерова [1].

Балдар акыны катары А.Кыдыров да бул милдетти жоопкерчилик менен аткарып, зор табылгаларга жетишкен. Элдик жомокторду кайрадан иштеп чыгуу процессинде жомоктун сюжеттик өзөгү өзгөрүлбөй калуусу табигый мыйзам ченемдүүлүк. Кызыктуу, балдар үчүн маанилүү сюжеттеги жомокторду поэмаларга айландыруу процессинде берейин деген оюн

так, жеткиликтүү формада ачып берүүгө жетишкендиги акындын чеберчилиги болуп саналат. Жогоруда аталган “Торгой” поэмасын элдик жомоктун мотивинде иштеп чыкканы менен А.Кыдыровго таандык стиль, почерк, акындык табылгалар да мол экендигин белгилөөгө болот.

Акын чыгармалары аркылуу кыргыз турмушун поэтикалык жөнөкөй тил менен ырга салып, балдардын ар тараптуу таанымын өстүрүүгө аракеттенген.

А. Кыдыров — лирик акын. Анын мындай касиетине лирикалык ырлары гана эмес, ыр менен жазылган поэмалары, жомоктору мисал боло алат. Жомокторунун ичинде «Топулуу торгой» окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган чыгармалардын бири.

Торгой жөнүндө кимдер ырдабаган. А бирок Абзийдин торгою назик лирикалуу, баладай айыпсыз, наристенин периштесиндей жылдыздуу чыгып, анын сюжетинде бала бакчаларда сценка, спектакль коюлуп, автордун аброю дагы бир секиге бийиктеди. Чыгармачылыгынын толукшуп жетилген курагында жазылганданбы же автордун бала жандуу жан-дүйнөсүнүн лирикалуулугунанбы, айтор «Топулуу торгой» кыргыз балдар адабиятынын бир ийгилигине кепил болчу жаркын чыгарма.

Өмүр сүрдү бир торгой,
Көмөкөйдө күү толгой
Кең талааны жыргатып,
Сайрабаган күн болбой
Уздун узу жараткан
Кийип алса жарашкан,
Бар эле кооз топусу.
Элдер сүйүп карашкан,
Таңды тосуп каршы алып,
Тургула деп жар салып.
Сүйүп кыргыз тоолорун,
Сулуулукка тамшанып [2]-деп башталат.

Ал эми “Торгой” жомогу мындайча башталат: торгойдун учуп баратып, топусун эрмендин арасына түшүрүп жибергендиги баяндалып, окуя дароо эле эрменге кайрылгандыгы менен уланат. Ал эми поэмада табияттын кооздугу, торгойдун башка куштардан болгон өзгөчөлүгү ырга салынып, автор тарабынан лирикалуу башталат.

Чыгарманын композициясы жөнөкөй болуп, экспозициядан, кумуляция жана финалдан турат. Экспозицияда торгойдун учуп баратышы, топусун түшүрүп алуусу баяндалуу менен сюжеттин кумуляциялык ыкмага өтүүсү орун алат. Кумуляциялык ыкманы жараткан сюжет – топунун түшүп кетип, аны алууга болгон аракет экендиги. Бул аракетти ишке ашыруу үчүн поэмада эрмен, эчки, карышкыр, койчу, бай, бала, кемпир, акыр аягында шамал бири-бири менен чынжырлашат. Мындай ыкмадагы чыгармалар турмуштук ар кандай жагдайлардагы карама-каршылыктарды кабыл алуу, аларга каршы туруу идеясын чагылдырып, аны жеңе билген баш каарманды сүрөттөйт. Поэмадагы баш каарман – “торгой”.

Поэмада акын фольклордук салтты кармануу менен салттуу ырлардын муун санагын, тактап айтканда, 7 муун өлчөмүндөгү ыр курулушун пайдаланган. 7 муун кыргызда көпчүлүк учурда төкмө акындарга таандык ыр формасы болуп саналат. Автордун бул формада жазганы акындын оргуштаган талантынын көп жактуу экендигинен кабар берет.

Бул да болсо, акындын жомоктун мазмунуна, анын ары балдар арасында, эл арасында жагымдуу, уккулуктуу формада жашап калуусуна жасаган аракети, чеберчилиги деп кабылдоого болот.

Өмүр сүрдү бир торгой,
Көмөкөйдө күү толгой
Кең талааны жыргатып,
Сайрабаган күн болбой,-деп поэмада акын ыр курулушунун а-а-б-а формасындагы аксак уйкашты поэманын баштан-аяк жүрүшүндө пайдалангандыгын байкайбыз. Кыргыз ырларында уйкаштык негизинен элпек келип, бул поэмада да ошол салттуу көрүнүш сакталгандыгын көрүүгө болот.

Жомоктун вариантынын көркөмдүүлүгү анчейин жеткиликтүү иштелген эмес, бул балдарга ылайыкталган жомоктун табиятына негизделген көрүнүш. Ал эми акын муну

поэмага айландырууда көркөм сөз табылгаларын чебер колдоно алган. Поэма ушунусу менен өзгөчөлөнүп турат десек жаңылышпайбыз.

Табиятта сулуулук образы катары саналган торгой учуп баратып, топусун түшүрүп алды. Топуну алып берүүнү эрменден сураньы:

— Эрмен, эрмен өтүнөм,
Турам сыздап мен кейип.
Төбөмдөгү топуну,
Алып берчи эңкейип

«Эңкейсем, бүрүм түшөт» — деп, макул болбогон эрменди эчкиге, карышкырга, койчуга, байга, чычканга, балдарга, кемпирге айтты.

Автор поэмада жандуу нерселердин белгилерин жансыз предметтерге оодарып көрсөтүүчү көркөмдөштүрүү ыкмасын, тактап айткандай, жандандырууну ыктуу пайдалангандыгын да кошумчалай кетүү керек.

Шамал, шамал, ардагым,
Көрсөт мага жардамың.
Кемпир жүнүн учурсаң,
Көрөм өзүм калганын, - деп акын жандандыруунун персонификация ыкмасын ыктуу колдонгон [5]. Башка учурларда шамал табияттын кадимки кубулушу катары берилсе, поэмада шамал баарын өзгөртүп жиберүүгө жөндөмдүү болуп, анын касиети алдыңкы планга чыгат. Ал эми чыгарманын соңку бөлүгүндө:

— Шамал, шамал, ардагым,
Көрсөт мага жардамың.
Кемпир жүнүн учурсаң,
Көрөм өзүм калганын [2].

Поэманын сюжетинен байкалып тургандай, эчки, карышкыр, койчу, бай, бала, кемпир баары өздөрүнө таандык турмуштук көйгөйлөр менен торгойдун арыз-муңун четке кагышты.

Торгойду бир гана көрпенделик жашоодон алыс турган шамал түшүнүп, оюндагысынын баары аткарылат. Жомоктун аягына чыкканда окурманга торгой эмес, оюндагысын чоңдор түшүнбөй (же түшүнүүгө кудурети жетпей) калганда ыза болуп, көпөлөктөй назик жандүйнөсү кыйналып кеткенде чырылдап ыйлап жиберген наристенин туптунук айыпсыз көз жашы көз алдыңа келип, анан кайра самаганы аткарылганда маңдай жарыла кубанган жан балаң элестей түшөт. “«Топулуу торгой» — баланын символу”,-деп жазат адабиятчы-окумуштуу Ү. Култаева [2].

Биз да окумуштуунун оюна толугу менен кошулабыз, торгой табиятта сулуулук, эркиндик, табиятты чагылдыруунун образы катары сүрөттөлүп келген болсо, акындын бул поэмасында үй бүлө мүчөлөрүнүн баарына арызданып жүрүп, өзү каалаган предметти же затты алууга жетишип, кудуңдап сүйүнгөн баланын элеси көз алдыңа тартылат.

Кыргыз жомокторунун ичинен аталган поэманын жомок түрүндөгү варианты кумулятивдик схема боюнча, тактап айтканда, кайталануучу түзүлүш менен өнүгөт. Кумулятивдик жомоктордун негизги өзгөчөлүгү-аларда маалымат топтолуп, ар бир жаңы элемент мурунку элементтерге кошулат. Бул чыңалуу жана күтүү эффектин жаратат, ошондой эле сюжетти эстеп калууга жардам берет.

Мына ошол кумулятивдик өзгөчөлүктү автор дагы да көркүнө чыгарып, уйкаштыктын, муун өлчөмүнүн элпек түрүн колдонуу менен балдар чыгармасы катары жашап калуусуна чоң салым кошкон.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Искендерова С. XX кылымдагы кыргыз адабияты жана фольклорунун карым-катышынын айрым маселелери. Б.: 2005
2. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7-том. Б.: 2012
3. Кыдыров А. Мээрим. Б.: 1981
4. Кыдыров А. Белек. Ф.: 1958
5. Кыргыз тилинин стилистикасы. Б.: 2000